


# КЫРГЫЗСТАНДАГЫ ОРТО ЖАЛПЫ БИЛИМ БЕРҮҮДӨ АДАМ УКУКТАРЫ БОЮНЧА ОКУТУУНУН АБАЛЫ

AMNESTY INTERNATIONAL

Апрель 2021

**«Адам укуктары боюнча билим берүү – бул адам укуктарынын бузулушунун узак мөөнөттүү алдын алуусуна олуттуу салым кошот жана бардык адам укуктары бааланган жана урматталган акыйкат коомду орнотуууга жардам берет».**

БУУнун Адам укуктары боюнча
Жогорку Комиссарынын Башкармалыгы[1]

[1] ohchr.org/en/issues/education/training/pages/hreducationtrainingindex.aspx

**Индекс: EUR 58/4120/2021**
**Дата: АПРЕЛЬ 2021**
**amnesty.org**

# МАЗМУНУ


**1. Киришүү** **2**
1.1 Адам укуктары боюнча билим берүүнүн эл аралык алкагы 4
1.2 Иш жүзүндө адам укуктары боюнча билим берүү 5

**2. Кыргызстандын билим берүү системасы** **7**
2.1 Жалпы ченемдик укуктук база жана мектеп системасы 7
2.2 Кыргызстанда азыркы учурдагы адам укуктары боюнча билим берүү системасы 8

**3. Кыргызстанда адам укуктары боюнча билим берүүнү ишке ашыруудагы кыйынчылыктар** **11**
3.1 Комплекстүү мамиле кылуунун зарылчылыгы 11
3.2 Жетиштүү жана ылайыктуу ресурстардын жоктугу 12
3.3 Окутуудагы жана концепциядагы кыйынчылыктар 13

**4. Иш-чаралар жана мүмкүнчүлүктөр** **15**
4.1 Окуу китептерин карап чыгуу 15
4.2 Мугалимдердин кесипкөйлүгүн арттыруу 16
4.3 Жарандык коом менен кызматташуу 16

**5. Негизги Натыйжалар** **19**



**Индекс: EUR 58/4120/2021**
**Дата: АПРЕЛЬ 2021**
**amnesty.org**


AMNESTY INTERNATIONAL

# 1.КИРИШҮҮ

Адам укуктары боюнча билим берүү – адам укуктарынын жалпы маданиятын калыптандырууга багытталган ар кандай окуулар, сабаттуулукту арттыруу, окутуу же маалыматтандыруу аракети деп аныкталышы мүмкүн жана Эл аралык Мунапыс Уюмунун ишинин фундаменталдык бөлүгү катары каралат. Бул сереп Кыргызстандагы орто жалпы билим берүү жаатында Уюмдун ушул багытта иштөөдө кандайча мыкты роль ойноп тургандыгын ачып берүүгө максатталат.

Мында үч негизги багыт камтылат:

1. жалпы контекст жана мектептердеги адам укуктары боюнча программалар;
2. мектептердеги адам укуктары боюнча билим берүүдөгү учурдагы кыйынчылыктар;
3. Кыргызстандагы орто жалпы билим берүүдө адам укуктары боюнча окутууну өркүндөтүү жана кеңейтүү муктаждыктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн баалоо.

Абалга сереп салуу өнөктөш уюмдар менен жүргүзүлгөн диалогдун жана кызматташуунун натыйжасында иштелип чыкты. Мында адам укуктары боюнча билим берүү, эл аралык документтерде, улуттук мектеп программаларында, усулдук – окутуу комплекстеринде жана иш жүзүндө кандайча чагылдырылганы көрсөтүлөт. Буга орто жалпы билим берүүдө адам укуктары боюнча окутууда учурдагы мисалдар жана негизги тенденциялар, ошондой эле адам укуктары боюнча билим берүүгө катышкан кызыкдар тараптар дуушар болгон кыйынчылыктар кирет. Серепте жарандык коом менен Кыргызстандын Билим берүү жана илим министрлигинин кызматташтыгынын айрым мисалдары да келтирилди жана бул алкактагы иштер төмөнкүлөрдү камтыйт:

- эл аралык документтерди, билим берүү боюнча улуттук мыйзамдарды жана адам укуктары компонентин камтыган сабактар боюнча окуу программаларын карап чыгуу;
- бекитилген окуу-усулдук комплекстерине жана пилоттук – методикалык материалдарга сереп салуу;
- билим берүү жана адам укуктарын коргоо иштери менен байланышкан чечүүчү адамдар менен маектешүү.

Адам укуктары боюнча сабаттуулукту арттыруу, Эл аралык Мунапыс Уюмунун Борбор Азия чөлкөмүндөгү ишинин башкы багыттарынын бири болуп саналат. Ошондуктан Уюм өз ишин адам укуктары жаатында иш алып барган мамлекеттик түзүмдөр жана жарандык коом, улуттук жана эл аралык институттар менен бирге билим берүүчү тармактар менен кызматташууну камтыган комплекстүү мамилеге негиздейт.

Эл аралык Мунапыс Уюму, Адам укуктары боюнча билим берүү жана окутууда Бириккен Улуттар Уюмунун декларациясында жазылган аныктаманы карманат (1-кутучаны караңыз).

**Берене 2.1** *Адам укуктары боюнча билим берүү бардык адам укуктарын жана башкы эркиндиктерин сактоого, жалпы сый-урматка өбөлгө түзүүгө багытталган окутуунун бардык түрлөрүн, маалыматтуулукту арттыруу, информациялык жана үйрөнүү иш-аракеттерин камтыйт, демек, бул жааттагы мыйзам жана укук бузуулардын алдын алууга көмөктөшөт. Ошондой эле, адамдарга жалпы адамзаттык укуктардын маданиятын түзүүгө, жайылтууга жана салым кошууга мүмкүнчүлүк берүү үчүн аларга билим, жөндөм жана түшүнүк берүү менен алардын мамилесин жана жүрүм-турумун өркүндөтөт.*

*2. Адам укуктары боюнча билим берүү төмөнкүлөрдү камтыйт:*
*(а) Адам укуктары жөнүндө билим берүү, буга адам укуктарынын ченемдери жана принциптери боюнча билим жана түшүнүктү камсыздоо, аларды бекемдеген баалуулуктар жана аларды коргой турган механизмдер кирет.*

*(б) Адам укуктары аркылуу билим берүү, буга мугалимдердин да, окуучулардын да укуктары сакталган билим берүү жана билим алуу жолдору кирет.*

*(с) Адам укуктары боюнча билим берүү, бул адамдардын өз укуктарын пайдаланууга жана колдонууга, башкалардын укуктарын сыйлоого жана сактоого мүмкүнчүлүк берүүнү камтыйт[2].*

2019 – жылдан тартып Эл аралык Мунапыс Уюмунун Борбор Азиядагы[3] адам укуктары боюнча билим берүү ишмердүүлүгү Кыргызстан, Казакстан жана Өзбекстанга багытталды. Учурдагы негизги иштер төмөнкүлөрдөн турат:

- Эл аралык Мунапыс Уюмунун жылда өтүүчү глобалдык Каттар Марафону[4] үгүт иштеринин алкагында Кыргызстан, Казакстан жана Өзбекстанда адам укуктары боюнча окутууну жайылтуу;
- Кыргызстандагы жана Казакстандагы орто жалпы билим берүү программаларында адам укуктары боюнча сапаттуу билим берүүнү камсыз кылуу үчүн өнөктөштөр менен биргеликте түшүндүрүү стратегиясын иштеп чыгуу;
- Эл аралык Мунапыс Уюмунун адам укуктары боюнча усулдарын жана окуу материалдарын өздөштүрүү жана аларды колдонуу үчүн мугалимдерге, тренерлерге жана активисттерге колдоо көрсөтүү.

Бул сереп салуу Кыргызстанда өнөктөштөр менен биргеликте коргоочу стратегияларды түзүүгө жардам берет.

[2] БУУнун Адам укуктары боюнча билим берүү жана окутуу декларациясы
https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/declarations/hr_education.shtml
[3] Чыгыш Европа жана Борбор Азиядагы адам укуктары боюнча көбүрөөк маалымат алуу үчүн Эл аралык Мунапыс Уюмунун аймактык веб баракчасына кириңиз: https://eurasia.amnesty.org/education/
[4] amnesty.org/en/get-involved/write-for-rights/

# 1.1 Адам укуктары боюнча билим берүүнүн эл аралык алкагы

Адам укуктары жаатындагы билим берүү окуу планында кошумча сабак катары каралбашы керек. Кыргызстан башка мамлекеттер сыяктуу эле, эл аралык адам укуктары мыйзамдарынын алдында, билим берүүнүн адам укуктарын урматтоону күчөтүүгө багытталгандыгына ынандыруусу керек.[5]

Адам укуктары боюнча билим берүүнүн стандарттарын белгилеген бир катар эл аралык документтер бар, алардын башкылары 2-кутучада келтирилген.

> Адам укуктары боюнча билим берүүнүн стандарттарын белгилеген башкы эл аралык документтер: Адам укуктарынын жалпы декларациясы (26-берене), Экономикалык, социалдык жана маданий укуктар жөнүндө эл аралык пакт (13-берене), баланын укуктары жөнүндө конвенция (29-берене), Аялдарга карата дискриминациянын бардык түрлөрүн жоюу боюнча конвенция (10-берене), Расалык дискриминациянын бардык түрлөрүн жоюуга карата эл аралык конвенция (7-берене), Майыптардын укуктары жөнүндө конвенция (8-берене) жана БУУнун адам укуктары боюнча окутуу жана билим берүү тууралуу декларациясы (2-берене)[6].

Атап айтканда, БУУнун Адам укуктары боюнча жалпы декларациянын 26-беренесинде «билим берүү адамдын инсандык сапатын ар тараптуу өнүктүрүүгө жана адамдын укуктары менен башкы эркиндиктерин урматтоону күчөтүүгө багытталышы керек» деп айтылат[7].

Экономикалык, социалдык жана маданий укуктар боюнча БУУнун Эл аралык пактынын 13 (1) -беренеси мүчө мамлекеттерди билим берүү аркылуу «адам укуктарын жана башкы эркиндиктерин урматтоону күчөтүүгө» милдеттендирет.

1990-жылы дүйнөдөгү эң кеңири ратификацияланган БУУнун Баланын укуктары боюнча конвенциясы дүйнөдөгү адам укуктары боюнча ар кандай билим берүү программалары үчүн бекем негиз түзүп, анда балдарга билим берүү Буунун Уставында жазылган адам укуктарын жана принциптерин урматтоону өнүктүрүүгө багытталышы керек деп көрсөтүлгөн. Конвенциянын аткарылышын көзөмөлдөгөн БУУнун комитети, Конвенциянын 29 (1) – беренесинде баяндалган билим алуу укугу билимге гана эмес, анын мазмунуна да тиешелүү экендигин баса белгилеген. Мазмуну адам укуктарынын баалуулуктарына бекем негизделген билим берүү, баланын адам укуктарын эске алган заманбап кыйынчылыктарга жооп табуусунун зарыл куралы болуп саналат. Анын үстүнө, урмат-сыйды билим берүү программаларынын мазмуну аркылуу гана үйрөтүү эмес,

---

[5] Эл аралык Мунапыс Уюмунун « Адам укуктары боюнча билим берүү (АУББ) маалыматтык документи: АУБББнын инструменттерине жогорку деңгээлдеги сереп , Борбор Азиядагы эске алынуучу механизмдер ,» EUR 04/9074/2018 (11-сентябрь, 2018), https://www.amnesty.org/en/documents/eur04/9074/2018/en/

[6] https://www.ohchr.org/EN/Issues/Education/Training/Compilation/Pages/Listofcontents.aspx

[7] Адам укуктарынын жалпы декларациясы, 1948 (RU), https://www.un.org/ru/universal-declaration-human-rights/index.html

билим берүү процессинин, педагогикалык методдорунун жана билим берүү чөйрөсүнүн атайын жолдору менен орнотуу керек. Билим берүүдө балага мүнөздүү кадыр-барк урматталып, анын көз-карашын билдирүүгө жана мектеп турмушуна катышуусуна мүмкүнчүлүктөрдүн түзүлүшү зарыл[8].

2011-жылы БУУнун Башкы Ассамблеясы адам укуктары боюнча билим берүү жана окутуу декларациясын кабыл алып, анда адам укуктары боюнча окутууну улуттук билим берүү тутумуна интеграциялоо үчүн комплекстүү негиз түзүлгөн. Адам укуктары боюнча билим берүү аркылуу жаштардын мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү ошондой эле, Адам укуктары боюнча дүйнөлүк билим берүү программасынын төртүнчү фазасынын (2020-2024) борборунда турат[9].

## 1.2 Иш жүзүндө адам укуктары боюнча билим берүү

Адам укуктары боюнча билим берүү – адам укуктарынын ченемдери жана принциптери, алардын негизин түзгөн баалуулуктар жана аларды иш жүзүндө кантип жүзөгө ашырууга жана коргоого боло тургандыгы жөнүндө билим берүүгө багытталган. Адам укуктары боюнча билим берүү адам укуктары аркылуу ишке ашырылат; окутуу жана даярдоо процесстеринде мугалимдердин да, окуучулардын да укуктары сакталышы керек. Адам укуктары боюнча сабаттуулукту арттырууда, ошондой эле катышуучулар өз укуктарын колдонуп, жүзөгө ашыра алышына жана башкалардын укугун урматтап, коргой алат деген мааниде адам укуктары боюнча билим берүүгө басым жасайт. Бириккен Улуттар Уюму балдар жана жаштар адам укуктары боюнча билим алууга мүмкүнчүлүк алышы керектигин жана мектептер адам укуктары боюнча билим алуунун негизги булагы экендигин билдирет[10].

Мектептерде билим берүү системасы укуктардын түпкү баалуулуктары жөнүндө билимди жайылтуу, адам укуктарынын түшүнүктөрүн жана негизги механизмдерин түшүнүүгө көмөктөшүү, адам укуктарынын негизги жөндөмдөрүн үйрөтүү аркылуу жаштарга адам укуктары жөнүндө билим берүүдө маанилүү ролду ойнойт. Буга карата адам укуктары жаатында ар тараптуу жана сапаттуу билим берүү үчүн шарттарды түзүү, анын ичинде мугалимдердин квалификациясын системалуу түрдө жогорулатуу жана адам укуктары жаатында заманбап билим берүү методикаларын киргизүү зарыл[11].

Адам укуктары боюнча билим берүү баланын эрте өнүгүүсү программаларынан жана мектепке чейинки билим берүүдөн баштап, билим берүү тутумунун бардык тармактарында болушу керек. Буга катар, Европадагы Коопсуздук жана Кызматташтык Уюмунун (ЕККУ, анын ичинде Кыргызстанда бар) милдеттенмелеринде атайын орто жалпы

[8] БУУнун Баланын укуктары боюнча комитетинин жалпы комментарий №.1, 2001, https://tbinternet.ohchr.org/_layouts/15/treatybodyexternal/Download.aspx?symbolno=CRC%2fGC%2f2001%2f1&Lang=ru

[9] https://www.ohchr.org/EN/Issues/Education/Training/WPHRE/Fourthphase/Pages/FourthPhaseIndex.aspx

[10] Дүйнөлүк адам укуктары боюнча билим берүү программасы. БУУнун Адам укуктары боюнча жогорку комиссарынын башкармалыгы, 2005, https://www.ohchr.org/Documents/Publications/ThirdPhaseWPHREducation_RU.pdf

[11] Эл аралык Мунапыс Уюму, адам укуктарынын баалуулуктарын жана принциптерин мектеп коомчулугуна интеграциялоого багыттаган «Адам укуктары сакталган мектептер» долбоорун ишке ашырды, анда адам укуктары үйрөнүлүп, үйрөтүлүп, иш жүзүндө колдонулуп, урматталып, корголуп жана алдыга жылдырылган иштер жазалды. https://www.amnesty.org/en/human-rights-education/human-rights-friendly-schools/

мектептин окуучулары үчүн адам укуктары боюнча билим берүүнүн маанилүүлүгү таанылган. ЕККУнун жогорку класстар үчүн адам укуктары боюнча жазылган колдонмосу мүчө мамлекеттерге адам укуктары боюнча билим берүүнү ишке ашыруу үчүн негизги компетенттүүлүктү, окуу программасын түшүнүүнү, баалоону жана мугалимдерди колдоону камтыган ар тараптуу маалыматтарды берет. ЕККУга мүчө мамлекеттер «мектептерде адам укуктарын жана негизги эркиндиктерин өнүктүрүү жана коргоону талкуулоого жана «бардык окуучулар үчүн адам укуктары боюнча натыйжалуу окуу программаларын жана курстарын иштеп чыгууга салым кошууга макулдашышкан»[12].

[12] ЕККУ/ДИАУБдун Адам укуктары боюнча орто мектептердин билим берүү тутумдарына колдонмо, https://www.osce.org/files/f/documents/c/5/97574.pdf

# 2.КЫРГЫЗСТАНДЫН БИЛИМ БЕРҮҮ СИСТЕМАСЫ

Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамында, Кыргызстанда билим берүү «мамлекеттик саясаттын артыкчылыктуу стратегиялык багыты» деп белгиленген[13]. Бул мыйзам, Адам укуктарынын жалпы декларациясы сыяктуу эл аралык документтерге камтылган принциптерге негизделген жана жана БУУнун Миң жылдык өнүгүү[14] жана Баардыгына билим берүү[15] программаларынын максаттарына жетүүгө багытталган. Өкмөттүн билим берүү жаатында көз карашы анын 2012-2020-жылдарга карата стратегиялык алкагында бекитилген, анда «жарандарды күчтүү коммуникативдик жөндөмдөргө, өз алдынча иш алып барууга, өз оюн ачык айтып, чыгармачыл жана инновациялык ыкмаларды колдонууга, адам укуктарынын баалуулуктарын, эркиндиктерин жана гендердик теңчиликти бөлүшү, маданий, этникалык жана саясий ар түрдүүлүктү сыйлоо»[16] максаттары коюлган.

## 2.1 Жалпы ченемдик укуктук база жана мектеп системасы

Кыргызстандын жалпы билим берүүчү мекемелери үчүн негизги ченемдик документтер болуп төмөнкүлөр саналат: Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамы[17] ; Инклюзивдик билим берүү сунушун иштеп чыгуу – 2019-2023[18] ; Кыргыз Республикасынын жалпы мектептик билимдин мамлекеттик билим берүү стандарты, 21.07.2014-ж. No 403 Жарлыгы[19] ; 2012-2020-жылдарга карата билим берүү стратегиясы жана аны ишке ашыруу боюнча иш-аракеттер планы[20] ; жана Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдары үчүн базистик окуу планы[21].

Бул ченемдик документтерге ылайык, мектеп системасы билим берүү тутумунун негизги звеносу болуп саналат, ал индивидуалдык багыттагы мамилеге негизделип, ар бир окуучудагы башкы жана предметтик компетенттүүлүктүн конкреттүү топтомун калыптандырууга багытталган. Жалпы базистик билим орто мектепти толук аяктоого, башталгыч же орто кесиптик билимди улантууга, же эмгек рыногуна чыгууга фундамент түптөйт. Орто жалпы билим берүү, адистештирилген билимди киргизүү аркылуу

[13] «Билим берүү жөнүндө» КРнын Мыйзамы, 4-берене, http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/1216?cl=ru-ru#:~:text=Закон%20КР%20от%2030%20апреля%202003%20года%20№%2092%20%22об%20образовании%22&text=Настоящий%20Закон%20устанавливает%20принципы%20государственной,служит%20правовой%20базой%20их%20реализации

[14] БУУнун Миң жылдык Декларациясы, ohchr.org/EN/ProfessionalInterest/Pages/Millennium.aspx

[15] Education for All by 2015. Will we make it? | Global Education Monitoring Report (unesco.org)

[16] Education Development Strategy of the Kyrgyz Republic (2012-2020) | Planipolis (unesco.org)

[17] «Билим берүү жөнүндө» КРнын Мыйзамы, edu.gov.kg/ru/docs/zakon-kr-ob-obrazovanii/ edu.gov.kg/ru/docs/zakon-kr-ob-obrazovanii/

[18] 2019-2023-жылдарга КРда инклюзивдик билим берүүнү өнүктүрүү концепциясы, http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/14591

[19] Өкмөттүн мыйзамы, 21-июль 2014, http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/96690

[20] 2021-2022-жылдарга карата Билим берүү стратегиясы, http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/92984/10?cl=ru-ru#p2

[21] Билим берүү жана илим министрлигинин буйругуна тиркеме, https://edu.gov.kg/ru/schools/school-books/prilozhenie-k-prikazu-moin-kr/

билим берүүнүн дифференциациясын күчөтөт, бул бүтүрүүчүлөрдүн жеке жана социалдык адаптацияланышына өбөлгө түзөт жана орто же жогорку кесиптик окуу жайларында окуусун улантууга же эмгек рыногуна чыгууга мүмкүнчүлүк берет.

Орто мектептердеги окуу программасы билим берүү системасыны негизги компоненти болуп саналат жана үч этапка бөлүнөт:

- Башталгыч билим берүү 1-4-класстар;
- Базалык билим берүү 5-9-класстар;
- Орто жалпы билим берүү 10-11-класстар.

Орто мектептеги толук аяктоо жалпысынан 11 жылды түзөт.

Кыргызстанда мамлекеттик, муниципалдык жана жеке жалпы билим берүүчү мекемелер бар. Алар статусу боюнча, жалпы билим берүүчү мектептер, гимназиялар жана лицейлер деп бөлүнөт. Кыргызстанда азыркы учурда жалпы жонунан кыргыз орус, өзбек жана тажик тилдеринде 2,197 орто мектеп бар. Мектептер башкаруу түрүнө, окутуу тилине жана башка өзгөчөлүктөрүнө карабастан мамлекеттик билим берүү стандартын, предметтик стандарттарды жана окуу программаларын жүзөгө ашырууга милдеттүү.

## 2.2 Кыргызстанда азыркы учурдагы адам укуктары боюнча билим берүү системасы

Эл аралык Мунапыс Уюму тарабынан жүргүзүлгөн сереп салууда Кыргызстандагы формалдуу билим берүүдө адам укуктары боюнча комплекстүү системасы жок экендиги көрүндү. Мындай системага (бирок муну менен чектелбеши керек) адам укуктары боюнча улуттук окуу программасы, эл аралык механизмдерге ылайык адам укуктарын окутуу программалары жана окутуу топтомдору, ошондой эле мугалимдердин кесиптик билимин жогорулатуу курстары (же туруктуу мониторинг жана баалоо тутуму) кирет.

Иш жүзүндө Кыргызстандагы мектептерде адам укуктары боюнча билим берүү негизинен «Адам жана Коом» сабагына түзүлгөн Предметтик стандарт аркылуу жүзөгө ашырылат жана ушул эле аталыштагы теманын алкагында окутулат.

Жалпы билим берүүчү мектептин 5-9-класстары үчүн «Адам жана коом» Предметтик стандарты 2018-жылы бекитилген жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 21-июлундагы №403 токтомунун негизинде иштелип чыккан: Кыргыз Республикасында жалпы мектептик билимдин мамлекеттик билим берүү стандарты. Анда предмет боюнча мамлекеттик милдеттүү билим берүүнүн минималдуу мазмунунун талаптары коюлган, ошондой эле бул предмет боюнча окуучулардын жана бүтүрүүчүлөрдүн күтүлүп жаткан билим деңгээли белгиленген.[22] «Адам жана коом» предмети адамдын коомдогу жана глобалдык дүйнөдөгү орду, адамдардын ортосундагы

---

[22] «Адам жана Коом» сабагынын 5-9-класстар үчүн Предметтик стандарты, https://soros.kg/srs/wp-content/uploads/2019/08/policy_brief_center_social_integration.pdf

толеранттуу мамилелер жана адам менен мамлекеттин жана коомдук институттардын ортосундагы мамилелер жөнүндө практикалык предмет болуп саналат. Адам укуктары жана эркиндиктери, демократиялык инсандык жана жарандык, көп түрдүүлүк, көп маданияттуулук жана Кыргызстан элинин биримдиги менен катар предметтик стандарттын артыкчылыктуу багыттарынын бири болуп эсептелет.

Предметтик стандартта жалпысынан окутуунун түпкү идеялары, аларды кантип берүүнүн негизги талаптары, күтүлүп жаткан натыйжалар жана окуучулардын жөндөмдөрүн жана билимин баалоо алкагы кеңири баяндалган. Ал мектептерде билим берүүнү үч баскычка бөлөт:

**1-баскыч**
(1-4-класстар)

Өзүн-өзү көрсөтүү көндүмдөрүнө ээ болуу, окшоштуктары жана айырмачылыктары аркылуу адамдардын тең укуктуулугун изилдөө, адам укуктарынын негиздери, белгиленген жүрүм-турум жана адеп-ахлак эрежелерин сактоо зарылдыгын түшүнүү.

**2-баскыч**
(5-9-класстар)

Бул баскычта, маселелердин кыйла татаал чөйрөсүнө көңүл бурулат, анын ичинде чыр-чатактуу кырдаалдарды чечүүдө практикалык көндүмдөрдү үйрөтүү, башкалар менен басмырлабаган мамилелерди түзүү, коомдук жүрүм-турумдун толеранттуу формаларын калыптандыруу жана өнүктүрүү.

**3-баскыч**
(10-11-класстар)

Жаштардын Кыргызстандагы демократияны коргоосу үчүн зарыл болгон билимге ээ болуусу, окуучулардын жигердүү атуулдугун калыптандыруу, жоопкерчилик сезими, баарлашуунун жакшы жолдору, чыр-чатактарды чечүү жана адамдар менен коомдун жана мамлекеттин ортосундагы өз-ара байланыш механизмдерин түшүнүү[23].

Предметтик стандартта башка сабактар менен, мисалы, тарых, география, адабият, математика жана физика менен сабактар аралык байланышы сапаттуу чагылдырылган, бирок мектептерде окутулган тилдер (кыргыз, орус, англис жана башка) менен байланыштырылбайт. Анда мугалимдер үчүн сабактын логикасынын түзүлүшү боюнча кеңири түшүндүрмө берилет. Стандартта мугалимдерге предметти окутуу үчүн ар кандай материалдарды колдонууга мүмкүнчүлүк берилет, мисалы:

- предмет боюнча окуу китептеринин же/жана алардын курамдык бөлүгү болгон электрондук тиркемелери бар окуу китептеринин, аныктамалык, окуу-методикалык адабиятттардын болушу;
- предмет боюнча кошумча басылма жана электрондук билим берүү ресурстары, анын ичине интернет да кирет.

[22] «Адам жана Коом» сабагынын 5-9-класстар үчүн Предметтик стандарты https://edu.gov.kg/media/files/9e240494-01c7-4413-8e46-9e93e4fc5689.pdf
[23] «Адам жана Коом» сабагынын 5 10-11-класстар үчүн Предметтик стандарты, http://lib.intuit.kg/wp-content/uploads/2019/11/%D0%A7%D0%B8%D0%9E-10-11-%D0%BA%D0%BB_rus.pdf




AMNESTY INTERNATIONAL

Ошондой эле, анда «Адам жана коом» предмети үчүн жалпы программаны ишке ашыруучу мугалимдер жамаатынын негизги квалификациясылары көрсөтүлгөн:

- билим берүү процессинин субьектиси катары адам жөнүндөгү илимдердин системасын, анын куррактык, жекече өзгөчөлүктөрүн, өнүгүүсүнүн социалдык факторлорун билүү;
- окуучулардын эркиндиктери менен укуктарын сактоо, окуучуларга социалдык жардам жана колдоо көрсөтө алуу;
- педагогикалык процесстин бүтүндүгү, заманбап психологиялык-педагогикалык технологиялар тууралуу билимдердин системасына ээ болуу, өнүктүрүүчү окутуу технологияларын билүү;
- окуучулардын сабактан тышкаркы ишмердүүлүгүн уюштурууну билүү;
- билим берүү мекемелеринин системасын жана аларды башкаруунун негиздерин билүү;
- билим берүү тармагында тажрыйба-эксперименттик иштерди жана изилдөө иштерин уюштуруунун негиздерин билүү;
- ар түрдүү типтеги билим берүү уюмдарында «Коом таануу» курсун окутуунун заманбап методикасын билүү, окутуунун ар түрдүү каражаттарын колдонуу;
- «Адам жана коом» сабагы боюнча профилдик окутууну жүргүзүүгө даяр болуу, автордук програмаларды иштеп чыгуу.

«Адам жана коом»[24] предмети окуу программасынын милдеттүү бөлүгү болуп саналат жана билим берүүнүн натыйжаларына байланыштуу Предметтик стандарттын талаптары менен катар, бардык жалпы билим берүүчү мектептер үчүн ылайыктуу. Ал эми 5-9-класстар үчүн төмөндөгү тематикалар аркылуу сабак өтүлөт:




Орто жалпы мектептик билим берүүдө адам укуктары «Адам жана коом» сабагынын алкагында гана окутулат. Бул сабак үч негизги мазмунду бөлүп көрсөтөт: социалдашуу, иш-аракет жана жөнгө салуу. Муну менен катар «Адам укуктары жана эркиндиктери» аталган предметтин артыкчылыктуу багыты экендигин белгилей кетүү керек.

[24] «Адам жана Коом» сабагы 5-9- класстар үчүн Предметтик стандарт https://edu.gov.kg/media/files/9e240494-01c7-4413-8e46-9e93e4fc5689.pdf

# 3.КЫРГЫЗСТАНДА АДАМ УКУКТАРЫ БОЮНЧА БИЛИМ БЕРҮҮНҮ ИШКЕ АШЫРУУДАГЫ КЫЙЫНЧЫЛЫКТАР

Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндөгү» Мыйзамында адам укуктарынын билим берүүдөгү мааниси так белгиленген жана министрлик бул жаатта жарандык коом менен биргеликте, теорияда адам укуктарын абдан так сүрөттөгөн, тиешелүү сабактардын сапатын жогорулатуу максатында жана окуучуларга алар жөнүндө күчтүү түшүнүк берүү үчүн иш алып барууда[25].

Бирок, Кыргызстандагы адам укуктары боюнча билим берүүнү өкмөттүн көз карашына жана эл аралык стандарттарга шайкеш келүүсүн камсыз кылууда көйгөйлөр кала берүүдө. Алардын катарына адам укуктары боюнча комплекстүү билим берүү системасында кыргыз тилиндеги ылайыктуу окуу китептеринин жетишсиздиги жана ачык платформалардагы ресурстардын жоктугу кирет. Жергиликтүү кызыкдар тараптардын айтымында, айрым адам укуктары боюнча концепциялардын айланасында да көйгөйлөр бар жана гендердик теңчилик сыяктуу адам укуктарынын кээ бир түрлөрүн мектептерде окутууга айрым ата-энелер каршы болушат[26].

## 3.1 Комплекстүү мамиле кылуунун зарылчылыгы

Окуучуларга да, мугалимдерге да адам укугун сыйлаган, жайылткан жана коргогон мектеп чөйрөсүн түзүү үчүн бир эле сабак жетишсиз. Мектептерде адам укуктарын илгерилетүү боюнча көп баскычтуу тутумду түзүү керек, анда мугалимдерге жана окуучуларга адам укуктарын билүү, коргоо жана урматтоо мүмкүнчүлүктөрү берилиши керек. Адам укуктары жаатында билим берүүгө болгон мындай комплекстүү мамиле иш жүзүндө жана адам укуктарынын тажрыйбасында адам укуктарын үйрөнүүгө шарт түзөт.

Кыргыз Республикасынын Билим берүү демилгелерин өнүктүрүү боюнча бейөкмөттүк фондунун координатору Татьяна Матохина мындай көз караштарын колдоорун билдирди:

> «
>
> *Адам укуктары, дискриминаицяга жол бербөө жана инклюзия боюнча маалымдуулукту жогорулатуу үчүн министрлик менен бардык деңгээлде иш алып баруу маанилүү. Мектеп чөйрөсүндө адам укуктарынын ишке ашырылышын бир эле сабак камсыз кыла албайт. Бардык сабактар менен бирге жалпы билим берүү тутумун ишке ашырууда, ошондой эле*

[25] КРнын «Билим берүү жөнүндөгү» Мыйзамы , https://edu.gov.kg/ru/docs/zakon-kr-ob-obrazovanii/

[26] Эл аралык Мунапыс Уюму тарабынан Zoom аркылуу Кыргызстанда өнөктөш уюмдар менен 2020-жылдын май-июнь айларында болгон маектер.



AMNESTY INTERNATIONAL

*академиялык өзүн-өзү башкарууну жана мектеп деңгээлинде адам укуктары жаатында долбоордук-изилдөө иштерин өнүктүрүүнү зарыл кылган бирдиктүү мамиле талап кылынат. Директор, директордун орун басары, социалдык педагог, ата-энелер комитетинин мүчөлөрү жана мектеп парламенти сыяктуу мектеп кызматкерлерине квалификацияларын жогорулатуу курстарын уюштуруу керек. Мектептин стратегиялык пландарына адам укуктарынын баалуулуктарын киргизүү бул маселе боюнча иштөөнүн конкреттүү натыйжасы болот деп ойлойм.*

## 3.2 Жетиштүү жана ылайыктуу ресурстардын жоктугу

Бул сереп салууда Эл аралык Мунапыс уюмуна маек бергендер окуу материалдарынын, анын ичинде талаптагыдай сапаттагы окуу китебинин жетишсиздигинен улам, мектептин бардык класстарына «Адам жана коом» предметин киргизүү көйгөйүн көп айтышты. Көпчүлүк учурда окуу китептеринде көп тараптуулук жана толеранттуулук маселелери каралбай, адам укуктарын коргоо жана илгерилетүү боюнча практикалык куралдар жетишсиз болууда.

Мунун кесепеттеринин бири 7-8-класстар учурда бул сабакты окушпайт, анткени окуу китептери дагы эле иштелип жатат. Бейөкмөттүк «Жаштарды өнүктүрүү институтунун» аткаруучу директору Ажара Касмалиева буларга токтолду;

*Мисалы, "Адам жана коом" сабагы 5-класстан 11-класска чейин окутулушу керек экендигине карабастан, иш жүзүндө бул сабак 5-6 жана 9-11-класстарга гана окутулат, ал эми 7-8-класстарда бул сабак берилбейт, анткени учурда окуу китептер жок жана талап кылынган окуу куралдарын иштеп чыгуу керек.*

Калган класстарга болсо талаптагыдай сапаттагы окуу куралдары жетишпейт. Мисалга алсак, 5-6-класстар үчүн 2018-жылы О.Осмонов жазган «Адам жана коом» окуу китеби, тема боюнча белгиленген «Предметтик Стандартка» дал келбестиги үчүн кескин сынга алынган. Билим берүү жана илим министрлигинин алдында окуу китебин кайрадан иштеп чыгуу үчүн өзүнчө жумушчу топ түзүлгөн.[27] Натыйжада мектептер бир жыл бою окуу китептерин ала алышкан эмес. Бул окуу китебинин үстүнөн иштөөгө Дүйнөлүк Банк жана Азия Өнүктүрүү Банкы сыяктуу эл аралык уюмдар катышышкан.

9-11-класстар үчүн окуу китептери дагы жаңыланган эмес жана бул класстар үчүн «Адам жана коом» модулу башка сабактар менен айкалыштырылып кеткен. Ажара Касмалиева белгилегендей:

[27] «Адам жана Коом» окуу китеби, 6-класс, https://www.kitep.edu.gov.kg/ru/view/419

*2015-жылы, 2016-2020-жылдарга Кыргызстандын калкынын укуктук маданиятын түзүү үчүн атайын “Укуктук Базалар” иштелип чыгып, колдонууга киргизилген. Бул окуу китебинин үстүндө иштөөнүн жана башталгыч жана орто класстар үчүн «Адам жана Коом» сабагынын кеңейишинин негизги кыймылдаткыч күчү болуп калды. Мурда 2018-жылга чейин бул сабак 9-11-класстарда гана окутулуп келген. Анын үстүнө, 2020-жылы «Адам жана коом» сабагы 9-11-класстар үчүн башка үч сабак менен айкалыштырылды: Жарандык укук, Адеп жана Экономикага киришүү. Бирок сааттардын саны көбөйтүлгөн эмес, ал эми сабактарды айкалыштырууга 9-11-класстардын окуучуларынын окуу жүктөмүн азайтуу себеп болгон.*

Ошондой эле, мугалимдер кыргыз тилиндеги ачык булактарда/платформаларда адам укуктары боюнча окуу ресурстарынын жетишсиздигине көбүрөөк туш болушат. COVID-19 пандемиясы Кыргызстан үчүн сапаттуу дистанттык окутуунун жаңы куралдарын түзүүдө кошумча кыйынчылыктарды жаратты. Бирок, Билим берүү демилгелерин колдоо фондунун координатору Татьяна Матохина: «Коронавирус пандемиясына байланыштуу көйгөйлөрдөн улам, Билим берүү жана илим министрлиги аралыктан билим берүүнү сапаттуу жана жеткиликтүү кылуу үчүн жаңы куралдар менен иштөөгө ачык « деп белгилейт.

## 3.3 Окутуудагы жана концепциядагы кыйынчылыктар

Ажара Касмалиеванын айтымында

*“Адам жана коом” сабагынын “Предметтик Стандартынын”[28] концепциясы абдан жакшы, бирок аны окуп түшүнүү кыйын. Тилекке каршы, көптөгөн мугалимдер сабактын стандарттык материалы менен таанышып, милдеттүү түрдө квалификациясын жогорулатуу курстарынан өтүүгө убактысы жок, б.а. көп учурда Билим берүү министрлиги тарабынан берилген программага ылайык сабак өтүшөт. Бул стандарт беш жылда бир жаңыланып турат жана 2020-жылы биз аны кайрадан жаңыртышыбыз керек.*

А. Касымалиева кошумчалагандай: «Сабактарды бириктиргенде, мисалы, мугалимдердин квалификациясы жана даярдыгы эске алынбайт. Көбүнчө «Адам жана коом» сабагын экономика сабагына даяр эмес тарых мугалимдери окутушат. « Булар менен

[28] Адам жана Коом» сабагы 5-9 класстар үчүн Предметтик стандарт, http://minjust.gov.kg/ru/content/753

бирге А.Касымалива буларды да белгилеп өттү: «Педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо институту мугалимдерди учурдагы предметтик стандарт менен тааныштыруу максатында прогрессивдүү иштерди жүргүзүп жатат жана алар үчүн онлайн режиминде тиешелүү маалыматтарды алуу үчүн предметтик модулдарды иштеп чыгууда».

Эл аралык Мунапыс Уюму менен баарлашкандар кыйынчылыктардын катарында адам укуктарынын «жарандардын милдеттери», «мыйзамдуулук жана тартип» жана «девианттык» жүрүм-турум түшүнүктөрү менен чаташканын да белгилешти. Кыргызстандын шартында жалпысынан, айрыкча ири шаарлардын чегинен тышкары, адам укуктары концепциясынын айрым аспектилери батыш жана европалык идеялар менен байланыштырылган. Жергиликтүү кызыкдар тараптар бөлүшкөндөй:

> «*Мугалим окуучуларга адам укуктары боюнча билим бере алган күндө дагы, эгерде алар ар түрдүүлүк, сексуалдуулук укугу, гендердик теңчилик ж.б.у.с. темаларды козгосо, ата-энелер мугалимге наараазы болушу мүмкүн, анткени мугалим балага үй-бүлөлүк баалуулуктарга дал келбеген «туура эмес/кабыл алынгыс» нерселерди үйрөтүп жатат деп ишенишет.*»

Буга байланыштуу адам укуктары боюнча билим берүүдө Адам укуктарынын жалпы декларациясындагы жалпы адамзаттык баалуулуктарды жана эл аралык адам укуктарын коргоо тутумунун универсалдуулугунун баса белгилөө маанилүү.

# 4.ИШ-ЧАРАЛАР ЖАНА МҮМКҮНЧҮЛҮКТӨР

«Эл аралык Мунапыс Уюмунун эксперттер менен болгон маегине ылайык, өкмөт билим берүүнүн сапатын жогорулатуу үчүн бир катар аракеттерди көрүүдө, мисалы, билим берүү материалдарын адам укуктарынын эл аралык стандарттарына шайкеш келтирүү жана мугалимдердин кесипкөйлүгүн жогорулатуу. Жарандык коом менен кызматташуу аркылуу мектептерде адам укуктарын илгерилетүү үчүн дагы кошумча мүмкүнчүлүктөр бар.

## 4.1 Окуу китептерин карап чыгуу

Билим берүү жана илим министрлиги 2018-жылы «Билим берүү жөнүндө» мыйзамынын 3-беренесинин негизинде окуу китептеринде жынысына, улутуна, тилине, социалдык жана мүлктүк абалына, майыптыгына, түрүнө жана мүнөзүнөб кесиби, дини, саясий жана диний ишенимдери, жашаган жери жана башка жагдайларга карабастан билим алуу укугун белгилеген дискриминацияга каршы жана гендердик баалоону жүргүздү. Эксперттик топ тарабынан 1-класстан 11-класска чейинки 40 окуу китеби каралды.

Социалдык технологиялар агенттигинин директору Зульфия Көчөрбаева өз сөзүндө буларга токтолду: «*Окуу китептери гендердик жана дискриминацияга каршы төмөнкү критерийлер боюнча баалоодон өттү: жыныс тобунун визуалдык чагылдырылышы, гендердик өзгөчөлүктөр, үй-бүлөлүк ролдорду жана милдеттерди бөлүштүрүү, социалдык ролдорду белгилөө, кесиби же аткарган кызматы, этникалык же аялуу топтордун өкүлү, дискриминация жана теңсиздик , согуштар, чыр-чатактар жана зордук-зомбулук. Баа берүүнүн жыйынтыгы көрсөткөндөй, окуу китептери гендердик ролдор жөнүндө стереотиптүү идеяларга негизделген, майып балдарды айтпаганда дагы, этникалык өкүлчүлүк тууралуу маалыматтар жок. Материалдар чектелүү, ошондой эле терминологияны кыргыз, өзбек жана тажик тилдерине которууда кыйынчылыктар бар*».

2021-жылы Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан окуу китептеринин сапатын жакшыртуу үчүн атайын «Окуу китеби» атында республикалык илимий-практикалык борбору түзүлдү. Борбордун негизги милдеттери[29]:

1. Окуу материалдарынын (окуу китептеринин) сапатын жогорулатуу,
2. Окуу китептеринин авторлорунун маалыматтык базасын түзүү жана алардын квалификациясын белгилөө,
3. Окуу китептерин баалоо, аларды окутуу жана сертификациялоо боюнча эксперттердин маалыматтык базасын түзүү,
4. Жаңы муундагы окуу китептерине болгон муктаждыктарды баалоо,
5. Окуучуларды сапаттуу, катасыз, кийинки муундагы окуу китептери менен камсыз

[29] «Окуу Китеби» Илимий практикалык борбору, http://kao.kg/издательский-центр-окуу-китеби/

кылуу,
6. Санариптештирүү процессинин алкагында электрондук китептерди даярдоо,
7. Авторлор жана басмаканалар тарабынан даярдалган окуу китептерин сертификаттоонун төрт түрүн жүргүзүү.
    - Илимий баалоо
    - Педагогикалык баалоо
    - Дискриминацияга каршы жана генедердик баалоо
    - Практикалык баалоо (апробация)

## 4.2 Мугалимдердин кесипкөйлүгүн арттыруу

Билим берүү мыйзамына ылайык, мугалимдер беш жылда бир жолу Билим берүү жана илим министрлигинин алдындагы Республикалык педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо институтунан кесипкейлүүлүгүн өнүктүрүү курсуна барышат.

Институттун Педагогика, психология жана социалдык-гуманитардык дисциплиналар кафедрасынын окутуучусу Матлюба Латиповна Азимованын айтымында:

> *“Адам жана коом” сабагы 5-6 жана 9-11-класстарда окутулат. Мугалимдер институтта квалификациясын жогорулатуудан өтүшөт жана мугалимдер үчүн даярдалган программа аркылуу адам укуктары жаатындагы жаңы маалыматтарды жана учурдагы тенденциялар боюнча сабаттулугун артырышат. Мисалы, 2019-жылы Билим берүү демилгелерин колдоо фонду менен биргеликте биз гендердик теңчилик жана басмырлабоо боюнча эки модулду иштеп чыктык.[30] Мугалимдер модулду онлайн режиминде өтүп, аяктагандыгы жөнүндө сертификат ала алышат[31].*

## 4.3 Жарандык коом менен кызматташуу

Жарандык коом уюмдары Билим жана илим министрлиги менен кыска жана узак мөөнөттүү меморандумдарга кол койо алышат. Бул биргеликте иш алып барууну жеңилдетет жана мектептердеги окуучулар менен мугалимдерге формалдуу эмес/кошумча билим берүү ишин түзүүгө мүмкүнчүлүк берет[32].

[30] «Мугалимдер мектептеги гендердик теңчилик жана басмырлабоо принциптерин тааныташат», https://kyrgyzstan.un.org/ru/48913-uchitelya-vnedryayut-principy-gendernogo-ravenstva-i-nediskriminacii-v-shkolnoe-obrazovanie
[31] «Мектептердеги гендердик теңчилик жана басмырлабоо»,http://grn.ripk.kg/ru/books/2/intro
[32] Коомдук бирикмелердин, Коомдук түзүмдөрдүн (Өкмөттүк эмес уюмдар) жана Мамлекеттик органдар концепциясынын негизинде кызматташуу, http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/55210

Бирок, кээ бир кыйынчылыктар, анын ичинде өнөктөштөрдү тандоодо этияттык, бюрократиядан жана кадрдык өзгөрүүлөрдөн улам келишимдердин аткарылышынын кечеңдеши дагы бар. Булар да узак мөөнөттүү пландаштырууну жүзөгө ашырууга таасирин тийгизет.

Мисалы, Билим жана илим министрлиги, коомдук нааразычылыкка жана ата-энелердин каршылыгына жол бербөө үчүн кызматташа турган өнөктөштөрдү тандоодо өтө этият мамиле кылат. Маекчилердин бири Эл аралык Мунапыс Уюмуна буларды бөлүшүп өттү: «*Мындай чаралар репродуктивдик ден-соолук үчүн Альянс тарабынан чыгарылган сексуалдык жана репродуктивдик ден-соолук китепчелеринин натыйжасында болгон бир нече окуялардан улам келип чыкса керек. Ата-энелер мындай маалыматтын балдарына берилбешине нааразы болушту. Мындан тышкары, мындай чаралар мамлекеттин терроризмге жана экстремизмге каршы институттарды күчтөндүргөндүгүнө байланыштуу да кабыл алынган*» – 2017-2022 -жылдарга карата экстремизмге жана терроризмге каршы аракеттенүү боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн программасына шилтеме[33].

Маектешүү учурунда баарлашкандар, Билим берүү жана илим министрлигинде чечим кабыл алуучу адамдар жарандык коом уюмдары менен кызматташууга ачык экендиги, бирок жетишилген макулдашууларды иш жүзүндө жүзөгө ашыруу этабында кыйынчылыктар келип чыгат деген маалыматтарды бөлүшүштү: меморандумду даярдоо жана ага кол коюу белгисиз убакытты талап кылышы мүмкүн жана мунун натыйжасында жыйынтыгы кечеңдей берет. Мындан тышкары, Кыргызстандагы саясий кырдаалдын туруксуздугуна жана кадрлардын, анын ичинде министрликтеги ар кайсы бөлүмдөрдүн жетекчилеринин тез-тез алмашуусуна байланыштуу, узак мөөнөттүү долбоорлорду пландаштырууда кыйынчылыктарды пайда кылат, анткени ар дайым жаңы жүздөр менен кайрадан мамиле түзүү зарыл.

## 4.3.1 Жарандык коом — адам укуктары боюнча билим берүүнүн камсыздоочулары

Жарандык коомдун ар кандай өкүлдөрү жүргүзгөн мектептердеги адам укуктары боюнча билим берүү, бул серептин чегинен тышкары, бирок Кыргызстанда мындай практика кеңири жайылгандыгын белгилей кетүү керек. Мында бир нече мисалдарды келтирсек болот. Кыргызстандагы коомдук уюмдар кесиптик лицейлер менен кызматташат. Мисалы, бейөкмөттүк Борбор Азиядагы IDEA (Эл аралык дебаттык билим берүү ассоциациясы) кесиптик лицейлердин мугалимдери үчүн окуу китебин, жарандык компетенттүүлүктү баалоо системасын жана студенттер үчүн «Кесиптик иштин укуктук негиздери»[34] аталышындагы колдонмо китепчесин иштеп чыккандары боюнча маалыматтарын бөлүштү.

[33] 2017-2022 -жылдарга карата экстремизмге жана терроризмге каршы аракеттенүү боюнча КРнын Өкмөтүнүн программасы, http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/100104

[34] Студенттер үчүн колдонмо китепче «Кесиптик иштин укуктук негиздери», https://drive.google.com/file/d/1BKk8DOB3RY6gwyPVD2Sm9RuHWuiS899B/view?usp=sharing

Окуу куралдары адам укуктарын интерактивдүү методдор аркылуу окутуу максатында түзүлгөн жана мугалимдерди маалыматтык технологияларды кеңири колдонууга үндөйт. Борбор Азиядагы IDEA программасынын башчысы Айзат Русланова өз маегинде буларды токтолду:

> *Кыргызстандагы кесиптик лицейлер менен иштешүү мектептер менен салыштырмалуу бираз жеңилирээк, анткени кесиптик лицейлердин администрациясы жана чечим кабыл алуучулары окуу планын өздөрү аныкташат. Окутуучулар менен студенттерге арналган материалдарды өнүктүрүүдөгү иш-аракеттерди колдоо боюнча кошумча билим алууга аябай кызыкдар. Буга карабастан бул жерде да кыйынчылыктар болду. Мугалимдерге адам укуктары жана курч темалар жөнүндө сүйлөшүү кыйынга турду, бирок алар өсүүгө мүмкүнчүлүк бар экендигин сезишти.*

Жаштарды өнүктүрүү институту ошондой эле Кыргызстандагы мектептерде формалдуу эмес жарандык билим берүүнү өнүктүрүп келет[35]. Институт «Мектеп окуучуларынын жарандык компетенттүүлүгүн өнүктүрүү»[36] долбоорун ишке ашырып, бул жаатта «класстан тышкаркы тарбия ишинин моделин» иштеп чыгууда. Бул моделдин учурдагы билим берүү системасынан негизги айырмачылыгы, окутуунун дидактикалык ыкмасынан активдүү катышуу ыкмасына өтүүгө мүмкүндүк берет.Мында окуучулар демократиялык принциптерге ылайык мектеп маселелери боюнча чечимдерди кабыл алуу иштерине жигердүү катышууга чакырылат.

«Жаштар үчүн ачык парламентин» жетектеген бейөкмөттүк Жаштарды өнүктүрүү институту, ошондой эле жаштар парламенти тууралуу маалыматын да бөлүштү. Бул долбоор жаштарга билим берүү жана алардын чечим кабыл алуу процессине катышуусун арттыруу аркылуу парламенттик демократиянын баалуулуктарын жайылтууга багытталган[37]. Институт ошондой эле «Укук» деп аталган укук коргоо мектептери аркылуу жаштардын формалдуу эмес тармагын өнүктүрүп келет. Укук мектеби – адам укуктары боюнча билим берүүгө багытталып, негизги окуу модулдарынын үч этабын камтыган улуттук платформа (Адам укуктары жана коомдук кызыкчылыктар боюнча иш-аракеттердин негизги курсу; Укуктук механизмдер боюнча тереңдетилген курс; Адам укуктары боюнча тренерлер үчүн тренинг)[38]. Институт Кыргыз Билим берүү академиясы менен биргеликте 7-класстар үчүн «Адам жана коом» сабагынын окутуу методикасын иштеп чыгууда.

[35] Жарандык билим берүү жана иш менен камсыз кылуу жаатында жаштарды өнүктүрүү институтунун иши, https://jashtar.org/kto-my_/gallery/2.html
[36] «Мектептен тышкаркы тарбия ишинин модели», https://drive.google.com/file/d/1EZdEI3TXCApCS5MAEMdOvK4y03bdAhnQ/view?usp=sharing
[37] «Жаштар үчүн ачык парламент» долбоору, https://jashtar.org/kto-my_/gallery/2/10.html
[38] «Укук» Адам укуктарынын мектеби, https://ukuk.jashtar.org/o-shkole.html

# 5.НЕГИЗГИ НАТЫЙЖАЛАР

Сереп салуунун натыйжасында, Кыргызстанда адам укуктары боюнча билим берүүнү өркүндөтүү иштерин улантууда чоң мааниге ээ бир катар олуттуу жыйынтыктар чыгарылды.

## 1 Жалпы Контекст

- Кыргызстан өзүнө алган милдеттенмелери аркылуу бир нече эл аралык жана аймактык уюмдардын мүчөсү катары адам укуктары боюнча билим берүүдө эл аралык стандарттарга жооп берүүгө милдеттүү. Бул стандарттар Экономикалык, социалдык жана маданий укуктар жөнүндө эл аралык пактын 13-беренесин жана Балдардын укуктары жөнүндө конвенциянын 29-беренесин камтыйт.

- Билим берүү жөнүндө мыйзамы аркылуу Улуттук мыйзамда адам уккуктары боюнча сапаттуу билим берүүнүн маанилүүлүгү так көрсөтүлгөн.

- Адам укуктары «Адам жана коом» сабагынын Предметтик стандарты аркылуу негиздилген окуу программасы менен окутулат жана иш жүзүндө колдонулат. Стандартта адам укуктары анын артыкчылыктуу багыттарынын бири экендиги жана окуучуларга курчап турган дүйнөнүн өзгөрүлүп жаткан шарттарына ыңгайлашууга мүмкүнчүлүк берген гендердик теңчиликти жана адам укуктарынын баалуулуктарын үйрөтөт деп так жазылган. Мындан тышкары, Стандартта теманын негизиндеги принциптер жана дисциплиналар аралык байланыштар кеңири баяндалган.

- Предметтин максаты өзүн-өзү чагылдыруу жана социалдык чөйрөнү түшүнүү сыяктуу темаларды иштеп чыгууга багытталган; өзүн адам катары сезүү; жеке физикалык жана психикалык өзгөчөлүктөрү; жана башкалардын баалуулуктарын сезүү жана сыйлоо жөндөмү. Мындан тышкары, предмет жарандык жана мыйзамдык компетенттүүлүккө багытталат; адам укуктарын коргоо жана жарандык милдеттерин аткаруу боюнча билимди жана практиканы натыйжалуу пайдалануу; адам укуктарын урматтоо; маданияттар аралык толеранттуулук; киреше жана чыгашаларды пландаштыруу зарылчылыгын түшүнүү сыяктуу каржылык жана экономикалык компетенттүүлүк.

- Бир нече өкмөттүк эмес уюмдардын өкүлдөрүнүн айтымында, Кыргызстандын Билим берүү жана илим министрлиги негизинен жарандык коом менен адам укуктары боюнча билим берүү жаатында өнөктөштүккө ачык.

- Кыргызстандагы мугалимдердин кесипкөйлүгүн өнүктүрүү программалары адам укуктары боюнча темаларды камтыйт жана мугалимдерге сапаттуу тренингдерди камсыз кылуу үчүн жарандык коом менен биргеликте иш алып барат.

Мындан тышкары, жарандык коом мугалимдердин арасында адам укуктары, анын ичинде заманбап окутуу методикасы жөнүндө маалымдуулукту жогорулатуу үчүн бардык аракеттерди көрүүдө.

- Кыргызстандагы жарандык коомдо бираз кадрдык/эксперттик ресурстар бар жана өкмөттүк эмес уюмдар окуу программасынын иштеп чыгуу, баалоо тутумун түзүү жана мугалимдерди колдоо боюнча жетиштүү деңгээлде компетенттүү. Кесиптик лицейлерде адам укуктары боюнча билим берүүнү киргизүүгө максатталган долбоор жүрүп жатат, ошондой эле Бишкектеги бир нече мектептерде жарандык билим берүү боюнча пилоттук долбоор бар.

## 2 Учурдагы кыйынчылыктар

- Адам укуктары боюнча сапаттуу окуу китептеринин жетишсиздиги.
- Жарандык коомдун эгерде регулярдуу каржылоо болбосо үзгүлтүккө учурай тургандай көптөгөн долбоордук иштерге катышуусу.
- Кыргыз тилинде адам укуктары боюнча материлдардын, усулдардын жана маалыматтардын жетишсиздиги.
- Мектептерде гендердик теңчилик сыяктуу адам укуктарынын айрым аспектилерин окутууга ата-энелер тарабынан болгон каршылыктар.

## 3 Окуу программаларында адам укуктары боюнча билим берүүнү өркүндөтүү муктаждыктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн баалоо:

- Жарандык коомдун топтору үчүн билим берүүдө адам укуктарын илгерилетүү боюнча үгүттөө стратегиялары боюнча жөндөмдөрүн өркүндөтүү жана ушул маселе боюнча биргелешкен жана жеке үгүт стратегияларын иштеп чыгуу жана макулдашуу боюнча тренингдер.
- Окуу пландарын жана балоо системаларын иштеп чыгууда жарандык коомго техникалык колдоо жана 5-1-класстар үчүн адам укуктары темасында мугалимдерге көмөктөшүү.
- 7-8- класстар үчүн жаңы «Адам жана коом» окуу китептерин иштеп чыгууга колдоо көрсөтүү. Укук коргоочу адистер жана окуу китептеринин авторлору үчүн тренингдер.
- Мектептердеги негизги баалуулук катары адам укуктарын илгерилетүү боюнча кеңири түшүндүрүү иштерин жүргүзүү. «Адам жана коом» сабактарын окуу сааттарынын көбөйүшүнө көмөктөшүү.

- Адам укуктары жана жарандык темасында мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу үчүн Педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо институту менен биргеликте жаңы куралдарды жана методикаларды иштеп чыгууга колдоо көрсөтүү.

- Адам укуктары боюнча билим берүүнүн онлайн инструменттерин өнүктүрүүгө техникалык колдоо жана ата-энелер менен иштешүүгө мүмкүндүк берген билим берүү усулдарын иштеп чыгууга көмөктөшүү.

- Борбор Азиядагы аймактык билим берүү жана Адам укуктары тармагын түзүү (формалдуу же формалду эмес).

- Мектептерде адам укуктары боюнча билим берүүнү өнүктүрүүдө тажрыйбаларды жана алдыңкы үлгүлөрдү алмашуу аянтчаларын түзүү.

- Кыргыз тилинде жеткиликтүү жана сапаттуу контентти түзүү, кыргыз тилдүү мугалимдерди адам укуктары жаатында окутуу.

**Всемирное движение Amnesty International насчитывает более 7 миллионов человек, борющихся за мир, в котором права человека доступны каждому.**

**Мы стремимся к тому, чтобы каждый человек мог пользоваться всеми правами, закреплёнными во Всеобщей декларации прав человека и других международных стандартах в области прав человека.**

**Мы не зависим ни от каких правительств, политической идеологии, экономических интересов или религиозных воззрений и получаем основную часть средств за счёт членских взносов и добровольных пожертвований.**

## СВЯЗАТЬСЯ С НАМИ:

info@amnesty.org
+44 (0)20 7413 5500

## УЧАСТВУЙТЕ В ОБСУЖДЕНИИ:

www.facebook.com/AmnestyGlobal

@Amnesty

© Amnesty International 2020

За исключением случаев, когда предусмотрено иное, содержание данного документа лицензировано в соответствии с лицензией Creative Commons (с указанием авторства, некоммерческая, без производных, международная 4.0).

https://creativecommons.org/licenses/by-nc-nd/4.0/legalcode

Дополнительную информацию можно получить на нашем сайте:

www.amnesty.org

**Индекс: EUR 58/4120/2021**
**Дата: APRIL 2021**
**amnesty.org**